КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

12.08.2025-жыл Базар-Коргон шаары

# Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын XI-сессиясынын №1-ТОКТОМУ

Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2025-жылга карата бекитилген бюджетинин аткарылышы боюнча 6 айлык отчётун бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 78-, 117-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 34-беренесин аткарууга алуу менен, Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын XI-сессиясы **токтом кылат**:

**1**. Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2025-жылдагы бюджетинин аткаруусу боюнча 6 айлык отчёту канааттандырарлык деп табылсын.
**2**. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К.Мамбеталиевге жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн жетекчиси Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
**3**. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.Базаркуловага милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К.Анарбеков**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|---|
| ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ | | ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ |
| БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ | | БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН |
| БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ | | ГОРОД БАЗАР-КОРГОН |
| БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ | | БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ |

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85, тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85, тел: (03736) 5-00-53


12.08.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын XI-сессиясынын №2-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2025-жылдын II-жарым жылдыгына карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №59 Бюджеттик кодексинин 78-беренесине, 115-беренесине, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун, Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К.Мамбеталиевдин Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2025-жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө маалыматын угуп, жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын XI-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2025-жылдын экинчи жарым жылдыгына карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү төмөндөгүдөй бекитилсин.

2. Иштетилбей калган жана үнөмдөлгөн акча каражаттары 3,877 114 миң сом акча каражаты чыгаша бөлүгүнө отургузулсун:

   а) Архитектура кызматы үчүн – 300 000сом.
   б) Археолог кызматы үчүн – 350 000сом.
   в) Техникалык шарт алуу үчүн (РЭТ) – 300 000сом
   г) ЖЧК “Жыргал Строй” дун карызы үчүн – 309 700сом
   д) Мектеп жана бала бакчаларын кышка даярдоо үчүн – 300 000сом
   ж) Коопсуз шаар үчүн орнотулган видео көзөмөлдөр үчүн интернет – 250 000сом

з) Алдын ала каралбаган чыгымдар үчүн – 2 000 000сом

и) Совет МАБ ишканасына 1 (бир) даана электрик штат бирдиги, №12 Капарбек атындагы орто мектептин саркынды суу топтолуучу жайын жаңылоо, 10класстык бөлмөнүн эшик терезелерин алмаштыруу, №11 Алыкулов атындагы орто мектептин ашканасындагы мүчүлүштүктөрдү оңдоого, окуучулар линейка өтүүчү жайды ремонтоого, Юсупов атындагы негизги мектепке 1 класстык бөлмө куруп берүүгө, №39 Акылай мектепке чейинки билим берүү уюмунун кудугун ремонтоого акча каражаты бөлүнүп берилсин.

й) Базар-Коргон шаардык кеңешинин депутаты Сатаров Русланбек Исмаиловичтин сунушунун негизинде Базар-Коргон шаарына караштуу муктаж болгон жаңы конуштарга трансформатор сатып алып берүү жагы Базар-Коргон шаарынын мэрине милдеттендирилсин.

к) Базар-Коргон шарынын мэри Н.К. Мамбеталиевдин сунушунун негизинде Базар-Коргон шаарынын мэриясынын алдындагы “Тазалык” муниципалдык ишканасына 1 (бир) Хюндай портер үлгүсүндөгү авто унаа сатып алууга макулдук берилсин.

л)Базар-Коргон шаарындагы мектептердин 2025-жылдын 1-январынан 1-майына чейинки аралыктагы электр энергиясынан калган карызы үчүн 67 414миң сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

м) Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын союзуна мүчөлүк акы үчүн 3 (үч) сом деп бекитилсин.

н) Базар-Коргон шаар мэриясынын 2025-жылкы жергиликтүү бюджетинин үнөмдөлгөн акча каражаттары Базар-Коргон шаарынын мэриясы тарабынан керектүү көйгөйлүү чыгымдарга бекитилсин.

3. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К.Мамбеталиевге жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.Базаркуловага милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

12.08.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын XI-сессиясынын №3 -ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2025-жылдын II-жарым жылдыгына карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын №59 Бюджеттик кодексинин 78-беренесине, 115-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна ылайык, Базар-Коргон шаарынын депутаттарынын сунуш-пикирлерин эске алуу менен Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын XI-сессиясы **токтом кылат :**

**1**. Базар-Коргон шаар мэриясынын ФЭБнүн башчысынын берген билдирүүсүнүн негизинде 2025-жылдын II-жарым жылдыгына карата жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнө төмөндөгүдөй отургузулсун.

а) 70629 -разделдин 3111-статьясына -1800,0 миң сомго
б) 70629 -разделдин 2511-статьясына -2188,0 миң сомго

Жалпысы болуп 3988,0миң сом акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн разделдин элементтеринен кыскартылсын.

а) 70111-разделдин 2215-статьясына +1906,0 миң сомго
б) 70629-разделдин 3111-статьясына +800,0 миң сомго
в) 70629-разделдин 3112-статьясына +1282,0миң сомго

2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К.Мамбеталиевге жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.Базаркуловага милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

12.08.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын
XI-сессиясынын
№4-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарына жаңы ачылып жаткан участкалык шайлоо комиссияларынын курамын жана резервдерин түзүү боюнча тиркемесин бекитип берүү жөнүндө

"Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы А.Нарматовдун 09.07.2025-жылкы чыгыш 7/20 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын XI-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарына жаңы ачылып жаткан участкалык шайлоо комиссияларынын курамы жана резерви тиркемеге ылайык аймактык шайлоо комиссиясына сунушталсын.Тиркеме №1 тиркелет.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы А.Нарматовго жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Жалиловго милдеттендирилсин.

**Төрага К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

12.08.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын**
**XI-сессиясынын**
**№5-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын “Футбол клубу Базар-Коргон Сити” муниципалдык футбол клубун ачуу боюнча Уставын бекитип берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 12-декабрындагы “2024-2034-жылдарга Кыргыз Республикасында футболду өнүктүрүүнүн улуттук программасын бекитүү” жөнүндөгү №354 Президентинин Жарлыгына ылайык, Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К.Мамбеталиевдин 06.08.2025-жылкы чыгыш 01-28/2195 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын XI-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын “Футбол клубу Базар-Коргон Сити” муниципалдык футбол клубун ачуу боюнча Уставын бекитип берүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Жалиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85, тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон, ул. К.Култаева № 85, тел: (03736) 5-00-53

12.08.2025-жыл — Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын**
**XI-сессиясынын**
**№6-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарына караштуу Сай-Коргон айылынын Жаңы-Турмуш 2 конушуна Шеркулов Асандын атын коюу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августунда №467 сандуу токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасындагы географиялык объекттерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эске алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө" Жобонун 10,11,12-пунктарын аткарууга алып, Базар-Коргон шаарынын мэринин орун басары Н.Ж.Ашимовдун 11.08.2025-жылкы чыгыш №01-28/2261 сандуу сунушуна жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин «Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо,регламент жана депутаттык этика» боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын XI – сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаарына караштуу Сай-Коргон айылынын Жаңы-Турмуш 2 конушундагы аты жок көчөгө Социалдык Эмгектин Баатыры Шеркулов Асандын аты берилсин.
2. Шеркулов Асандын атын коюуга кетүүчү 38750 сом акча каражатын карап берүү жагы Базар-Коргон шаарынын мэриясына милдеттендирилсин.
3. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин «Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо,регламент жана депутаттык этика» боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Жалиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** — **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

12.08.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын**
**XI-сессиясынын**
**№7-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарындагы №37 “Икбол” балдар бакчасына кошумча бир тайпа ачып берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүу өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” мыйзамынын 27-беренесин, 29-беренесинин 6-пунктун, Өкмөттүк акселератор программасынын ”Кыргыз Республикасында мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөгү тоскоолдуктарды кыскартуу жана балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтууну жогорулатуу” программасын аткарууга алып, 08.08.2025-жылдагы №01-27/2230 сандуу Базар-Коргон шаарынын мэринин орун басары Н.Ж.Ашимовдун катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул маселелери, маданият, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, жаштар, спорт, штат бирдиги боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын XI-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаарындагы №37 “Икбол” балдар бакчасына кошумча бир тайпа ачууга макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул маселелери, маданият, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, жаштар, спорт, штат бирдиги боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы К.Ташиевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

12.08.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын**
**XI-сессиясынын**
**№8-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарындагы №1 “Ширин” балдар бакчасына кошумча бир тайпа ачып берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” мыйзамынын 27-беренесин, 29-беренесинин 6-пунктун, Өкмөттүк акселератор программасынын ”Кыргыз Республикасында мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөгү тоскоолдуктарды кыскартуу жана балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтууну жогорулатуу” программасын аткарууга алып, 08.08.2025-жылдагы №01-27/2229 сандуу Базар-Коргон шаарынын мэринин орун басары Н.Ж.Ашимовдун катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул маселелери, маданият, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, жаштар, спорт, штат бирдиги боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын XI-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаарындагы №1 “Ширин” балдар бакчасына кошумча бир тайпа ачууга макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул маселелери, маданият, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, жаштар, спорт, штат бирдиги боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы К.Ташиевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**